| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br><br>АК-ТАЛАА РАЙОНУ<br>БАЕТОВ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>БАЕТОВСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин депутаттарынын**

# ТЕСКЕМЕСИ

**2026-жылдын "04"февраль №2/2**

**Баетов айылынын Как-Көл участкаларынын бош жаткан айыл чарба багытындагы айдоо аянттарды айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин балансына киргизип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 73-беренесине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө» типтүү жобосуна ылайык, Баетов айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, **буйрук кылат**:

1. Баетов айыл аймагынын Как-Көл участкасында жайгашкан 370-контурдагы жалпы аянты 4 гектар, 371-контурдагы жалпы аянты 6 гектар, Дөң-Булак участкасындагы 313-317-контурдагы жалпы аянты 7,48 гектарды түзгөн бош жаткан айыл чарба багытындагы айдоо жер тилкелери Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун (АЧЖМФ) балансына киргизилсин.
2. Көрсөтүлгөн жер тилкелерин мыйзамга ылайык каттоодон өткөрүү, жер-кадастрдык документтерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү, айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин курамына кошуу боюнча иштерди жүргүзүү Баетов айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
3. Баетов айылдык кеңештин жооптуу катчысы бул тескемени Баетов айыл өкмөтүнүн веб сайтына жайгаштыруу боюнча иш алып баруу тапшырылсын.
4. Бул тескеме расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө регламент, депутаттык этика жана мандат, мыйзамдуулукту укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Ч. Азимжанов**